**Абдукаимова Арапат Жолиевнанын «ЖОЖдогу гуманитардык адистиктеги студенттерге жогорку математиканы дифференцирлеп окутуунун методикасы" (13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика)) деген темадагы педагогика илимдерииии кандидаты окумуштуулук даражасын издеиип алуу үчүн жазылгаи диссертациялык ишине илимий жетекчиси п.и.д., профессор К.М.Торогельдиеванын**

# ПИКИРИ

Коом азыркы учурда ЖОЖдордо кесиптик чөйрөнү активдүү билген жана андагы өзүнүн ордун аныктаган руханий жактан өнүккөн, компетенттүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү адисти даярдоону талап кылат. Бирок, иш жүзүндө көбүнчө студенттин ички дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүн басмырлап салуу жана ЖОЖдун «стандарттуу» бүтүрүүчүсүн калыптандыруу байкалып келет. Демек студенттин жеке сапаттарын сактап, дифференцирлеп окутуу суроо-талапка ээ. Жогорку окуу жайларынын гуманитардык адистиктеринде окуган студенттер негизги математикалык билим алышат, бирок математиканы окутуунун бүгүнкү максаттарына ылайык дифференцирлеп окутууну өнүктүрүү актуалдуу маселе бойдон калууда.

А.Ж.Абдукаимованын изилдөө иши жогорудагы актуалдуу маселеге арналып, изилдөөгө төмөндөгү максат коюлган: ЖОЖдогу гуманитардык адистиктердин студенттерине жогорку математиканы дифференцирлеп окутуунун методикасын иштеп чыгуу жана аны натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу тастыктоо.

Изилдөө ишин жүргүзүүдө диссертант көптөгөн адабияттар менен иштөө менен өзүнүн илимий иштөөгө жөндөмдүүлүгүн көрсөттү.

Диссертациялык иште төмөндөгүдөй жаңы жана ишенимдүү илимий натыйжалар алынган.

1. Проблема боюнча психологиялык, педагогикалык, методикалык жана математикалык адабияттарга талдоо жүргүзүү менен гуманитардык адистиктердин студенттерине жогорку математика курсун окутуунун учурдагы абалы талданган. Анын негизинде жогорку математика курсун дифференцирлеп окутуунун зарылдыгы аныкталган.
2. Гуманитардык адистиктердин студенттерине жогорку математика курсун дифференцирлеп окутуунун мүмкүнчүлүктөрү жана илимий негиздери аныкталып, алардын негизинде курсту дифференцирлеп окутуунун модели түзүлгөн.
3. Жогорку математика курсун гуманитардык адистиктеги студенттерге дифференцирлеп окутуунун моделинин негизинде аны ишке ашыруунун методикасы иштелип чыккан.
4. Жогорку математика курсун гуманитардык адистиктеги студенттерге дифференцирлеп окутуунун иштелип чыккан методикасынын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилип, жалпыланып, практикалык

сунуштар берилген.

Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү чоң. Жогорку математика курсун гуманитардык адистиктеги студенттерге дифференцирлеп окутуунун методикасын (окуу куралы, методикалык колдонмолор, сабактын иштелмелери, жумушчу дептерлер ж.б.) ЖОЖдогу математика мугалимдери, болочок математика мугалимдерин даярдоочу окуу жайларда жана билимдерин өркүндөтүүчү курстарда колдонсо болот.

Бул студенттердин билим сапатын жогорулатууга жардам берет. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары коюлган божомолдун тууралыгын толугу менен тастыктаган.

Абдукаимова Арапат Жолиевнанын «ЖОЖдогу гуманитардык адистиктеги студенттерге жогорку математиканы дифференцирлеп окутуунун методикасы" (13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика)) деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши өз алдынча аткарылган илимий иш. Тиешелүү талаптарга жооп берет. Жактоого сунушталат.

Илимий жетекчи
п.и.д, профессор К.М.Торогельдиева

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ